БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ
АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ
AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

# Кыргыз-Түрк “Манас” университети мекемесинин орто кесиптик программаларын аккредитациялоонун алдын ала жыйынтыктары

| | |
|---|---|
| Төрага: | **Мусаев Азат Торокович,** Инновациялык кесиптер институту, "Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана радиоэлектроника" кафедрасынын башчысы, доценттин милдетин аткаруучу. |

**Комиссия мүчөлөрү:**

| | |
|---|---|
| **230111 Компьютердик системаларда программалоо** | **Мусаев Азат Торокович,** Инновациялык кесиптер институту, "Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана радиоэлектроника" кафедрасынын башчысы, доценттин милдетин аткаруучу. |
| **250403 Жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо** | **Макенжан уулу Марат,** Т.Садыков атындагы КР Улуттук, көркөм сүрөт Академиясы, "Айлана-чөйрөнү долбоорлоо" кафедрасынын башчысы. |
| | **Чапраштиева Асель Бактыбековна,** “Ай-Нуру” эмерек компаниясынын директору. |
| Референт: | **Чолпонбаева Назгуль Шалтаковна,** ББПУАА, кесиптик билим берүү боюнча менеджери. |

*30.03.2026 г. – 31.03.2026 г.*

**БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)**

**Кыргыз-Түрк "Манас" университети мекемесинин**

**1. 230111 Компьютердик системаларда программалоо**

**2. 250403 Жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо**

**орто кесиптик билим берүү программаларын тышкы баалоо боюнча алдын ала жыйынтыктары:**

## 1 – Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан билим берүү программалары боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларынын максаттары жана күтүлүүчү натыйжалары жетиштүү деңгээлде так жана толук иштелип чыккан эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин негизги кесиптик билим берүү программаларын кайрадан карап чыгып, алардын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын так так аныктап, иштеп чыгуу.

**1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.

**Күчтүү жактары:**

1. European Credit Trasfer System (ECTS) системасына интеграция болгондуктан эки мамлекеттин мамлекеттик үлгүдөгү дипломy менен бирге орус жана англис тилинде кошумча транскрипттин берилүүсү.

**2 - Стандарт аткарылып жатат**

## 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо

**Күчтүү жактары:**

1. Колледждин студенттери мамлекеттик жана эл аралык деңгээдеги технологиялык сынактарда жогорку жыйынтыктарды көрсөтүүдө (Яндекс Кыргызстан жана "Тэкайым" фонду уюштурган Urban Tech Хакатон, Women Cup, KOICA, SIFO тарабынан өткөрүлгөн make a thon)
2. Колледждин бүтүрүүчүлөрү тарабынан мыкты окуган студенттерди колдоо жана стимулдаштыруу максатында ай сайын стипендия берүү демилгеси ишке ашырылууда. Бул колдоо студенттердин окууга болгон кызыгуусун арттырууга, жетишкендиктерин баалоого жана жогорку натыйжаларга умтулуусуна өбөлгө түзөт.

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк толук кандуу уюштурулган эмес.
2. Бүтүрүүчүлөрдүн саны менен бакалаврга тапшыруу квотасы шайкеш келбейт.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк пландаштырылсын жана ишке киргизилсин.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин колледждин бүтүрүүчүлөрүнө карата белгиленген квотаны жогорулатуу боюнча иш чараларды иштеп чыгуу жана аны жүзөгө ашыруу зарыл.
3. "Жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо" билим берүү программасы боюнча окуу процессине заманбап технологияларды кеңири киргизүү зарыл. Бул студенттердин практикалык көндүмдөрүн өркүндөтүүгө, инновациялык ыкмаларды өздөштүрүүсүнө жана эмгек рыногунун талаптарына жооп берген атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоого өбөлгө түзөт.

**3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Күчтүү жактары:**

1. Педагогикалык кадрларды мотивациялоо жана стимулдаштыруу максатында жана кесиптик өнүгүүсүн колдоого, эмгек натыйжалуулугун жогорулатууга системалуу шарттар түзүлүп, аларды ишке ашыруу боюнча туруктуу иштер жүргүзүлүүдө.
2. "Жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо" программасы боюнча окутуучулук курамдын көрсөткүчүнүн жогору болушу.

**Алсыз жактары:**

1. Профессордук-окутуучулук курамдын эл аралык деңгээлдеги стажировкалардан өткөрүү жана академиялык мобилдүүлүк боюнча иш чаралар жетишээрлик деңгээлде уюштурулган эмес..

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин эл аралык деңгээлдеги стажировкаларды өткөрүү жана тажрыйба алмашуу үчүн келишимдерин түзүп, академиялык мобилдүүлүк программаларын ишке ашырууну активдештирүү.

**4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар

**Күчтүү жактары:**

1. Окуу жайдын заманбап талаптарга жооп берген жана окуу процессин эффективдүү ишке ашырууга шарт түзгөн жетиштүү материалдык-техникалык жана маалыматтык ресурстар менен камсыздалышы.
2. "Жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо" программасы боюнча студенттерге сапаттуу практикалык билим берүү максатында, бардык керектүү жабдуулар, шаймандар жана материалдар менен толук камсыздалган жыгач устачылык устаканасы уюштурулган.

**5- Стандарт аткарылып жатат.**

СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2- Стандарт аткарылып жатат
3- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
5- Стандарт аткарылып жатат

**Аккредитациялык чечимдин долбоору:**

**Кыргыз-Түрк "Манас" университети мекемесинин**

1. **230111 Компьютердик системаларда программалоо**
2. **250403 Жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо**

**орто кесиптик билим берүү программаларын 5 жылга аккредитациялоону сунуштайт**

**31.03.2026 ж.**